| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**БУДАЛЫКСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ 19 ЗАСЕДАНИЕСИНИН

**ТОКТОМУ**

2023-жылдын 5-октябры № 19/1 Кайнама айылы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №215 Жарлыгын жеткчиликке алып, Будалык айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №215 Жарлыгы жетекчиликке алынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" №215 Жарлыгы менен бекитилген Жобону ишке ашырууну камсыз кылынсын.

**3.** Будалык айылдык Кеңешинин алдында өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы түзүлсүн (тиркеме №1).

**4**. Жергиликтүү кеңеш тарабынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындар жөнүндө чечимди, өкүлчүлүктүү жыйындын убактысын, өтүүчү жери аныкталсын, өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны, өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери, жыйындарды, жыйналыштарды өткөрүү графиги, өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси, өкүлчүлүктүү жыйындын убактысын жана өтүүчү жери, жергиликтүү жамааттардын жыйындарды өтүү графиги, өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны бекитилсин (тиркеме тиркелет №2)

**5.** Өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүүнүн максаттары жана милдеттери жөнүндө калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жумушчу тобунун курамына милдеттендирилсин.

**6.** Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде коопсуздукту,укук-тартипти сактоо, өрт коопсуздугун камсыздоо жагы,ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы Мусабаевге тапшырылсын.

**7.** Ушул токтомдун аткарылышын өзүмдүн көзөмөлүмө калтырамын.

**Төрага** **Арапбай уулу Улан**

Будалык айылдык Кеңешинин 2023-жылдын
5-октябрындагы №19/1 токтомуна тиркеме №1

**Өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы**

Арапбай уулу Улан -айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу тобунун төрагасы

Эгемкулов Өмүрбек - айылдык кеңештин орун басары, жумушчу тобунун катчысы

**Мүчөлөрү:**

Сулайманова Кенжегүл -айылдык кенештин депутаты
Шакир уулу Мукамбет -айылдык кенештин депутаты
Абдиаким уулу Дайыр -айылдык кенештин депутаты
Исманалиева Арзыкан - айылдык кенештин депутаты
Сасанов Абдырахман - айылдык кенештин депутаты
Кантөрө уулу Өзгөрүш -айылдык кенештин депутаты
Кочкорбай кызы Жумагүл -айылдык кенештин депутаты
Рахматов Куштарбек - айылдык кенештин депутаты
Аттокурова Акжуурат - айылдык кенештин депутаты

**Жооптуу катчы** **Ж.Осмонова**

Будалык айылдык Кеңешинин 2023-жылдын
05-октябрындагы №19/1 токтомуна тиркеме №2

Будалык айылдык кеңеши тарабынан Элдик курултайдын делегаттарын жер-жерлерде шайлоо боюнча иш-чаралар

| | Өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери | Адамдын саны | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны (квотага ылайык) | Өкүлчүлүктүү жыйын өтүүчү жери | Өкүлчүлүктүү жыйын өтүүчү датасы, убактысы (графиги) | Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жоопту жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Октябрь** | **1073** | **10** | Ж.Бубаев атындагы орто мектеби | 2023-жылдын 16-октябры саат 11:00 | **Сулайманова Кенжегүл<br>Шакир уулу Мукамбет<br>Абдиаким уулу Дайырбек** |
| 2 | **Кайнама** | **251** | **4** | Мечттин жаны | 2023-жылдын 16-октябры саат 16:00 | **Аттокурова Акжуурат** |
| 3 | **Кара- Суу** | **906** | **9** | Ж.Кыпыева ат.орто мектеби | 2023-жылдын 18-октябры саат 11:00 | **Арапбай уулу Улан<br>Рахматов Куштарбек** |
| 4 | **Кум- Шоро** | **840** | **8** | Кум Шоро орто мектебинин аянтчасында | 2023-жылдын 18-октябры саат 11:00 | **Исманалиева Арзыкан<br>Кантөрө уулу Өзгөрүш<br>Кочкорбай кызы Жумагүл** |
| | **Тамга -Терек** | **361** | **5** | Будалык башталгыч мектеби | 2023-жылдын 17-октябры саат 11:00 | **Сасанов Абдырахман** |
| | **Оро-Дөбө** | **243** | **4** | Мечиттин жаны | 2023-жылдын 17-октябры саат 11:00 | **Эгемкулов Өмүрбек<br>Арапбай уулу Улан** |
| | **Жалпы** | **3678** | **40** | | | |

**Жооптуу катчы** **Ж.Осмонова**